**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**
**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д.10.13.012. диссертациялык кеңеш**

*Кол жазма укугунда*
*УДК: 398.22 (575.2) (043.3)*

**Абдырасулова Жеңишгүл Садыковна**

# БААТЫР КЫЗДАРДЫН ОБРАЗДАРЫ ЭЛДИК ЧЫГАРМАЛАРДА

(“Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” эпосторунун негизинде)

10.01.09 - фольклористика

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иштин

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек – 2015

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтун фольклор жана акындар чыгармачылыгы бөлүмүндө аткарылды

**Илимий жетекчиси:** филология илимдеринин доктору,профессор
**Акматалиев Абдылдажан Амантурович**

**Расмий опоненттер:** филология илимдеринин доктору, профессор
**Коңыратбай Тынысбек Аулбек уулу**

филология илимдеринин кандидаты
**Абдубалиева Бактыгүл Жумакадыровна**

**Жетектөөчү мекеме:** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз адабияты кафедрасы, дареги: 10-мкр, Тазабек Саманчин көчөсү, 10.

Диссертация 2015-жылдын 27-мартында саат 13.00дө филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети менен КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу түзүлгөн Д.10.13.012 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

**Дареги:** 720071, Бишкек шаары, Чүй проспекти, 265а.
Диссертациялык иш менен КРУИАнын илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а.

Автореферат 2015-жылдын 27-февралында таратылды.

Диссертациялык кеңештин илимий катчысы,
филология илимдеринин кандидаты,
доцент Кадырманбетова А.К.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Бүгүн замандын агымына карай техникалык жетишкендиктерге ылайык аялзаты саясый, маданий, социалдык-экономикалык турмушка активдүү катышып жаткан мезгил. Ушундай кылымдык өзгөрүүлөрдүн заманында кыргыз элинин байыртадан келе жаткан улуу поэзиясын жаңы өңүттөн илимий изилдөө бүгүн да талапка ылайык актуалдуу багыттардын бири болуп эсептелет. Элдик чыгармалардын орчундуу бир бөлүгүн эпикалык чыгармалардын ичиндеги баатырдык эпостор түзөт. Эпикалык чыгармалардын ичинен баатыр кыздарга арналган эпосторду өз алдынча иликтөө алкагына киргизип, бир системага салып, конкреттүү фактылардын негизинде талдоого алып, идеялык-эстетикалык, көркөмдүк өзгөчөлүгүн аныктоо күн тартибиндеги маселелерден. Ушул себептен “Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” эпосторундагы баатыр кыздардын образдарын ар тараптан иликтөө муктаждыгы туулду.

Фольклористика илиминде элдик оозеки чыгармачылыктын өнүгүү жана калыптануу тарыхы боюнча изилдөөнү талап кылган түйүндүү маселелер али да болсо көп. Кыздар темасы фольклордо байыртан өзүнүн өнүгүү формасын үзгүлтүксүз улантып, улам кийин жаңы тарыхый чындыкка жана турмуштук шартка, кырдаалга ылайык жаңы образдар менен толукталып жүрүп отурган. “Манас” эпосу баштаган чыгармаларда кыздардын баатырдыгы, ар-намыстуулугу, мекенчилдиги сыяктуу жогорку сапаттары шөкөттөлгөн. Кыргыз фольклористика илиминде элдик оозеки чыгармалардын ичинен баатыр кыздардын образдарын чагылдырган “Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” эпосторунун тектеш элдердин оозеки чыгармаларындагы баатыр кыздардын образдарына салыштыруу жана эпостордун тарыхый-эволюциялык өнүгүшүн, алардын идеялык-тематикалык проблематикаларын, эстетикалык ачылгаларын изилдөөгө алуу фольклористика илиминдеги актуалдуу маселелерден.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Илимий изилдөөнүн темасы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун тематикалык планына ылайык келет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**

Бул илимий изилдөөбүздө “Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” эпосторундагы баатыр кыздардын образдарын комплекстүү изилдөө максат кылынган. Бул максатты иш жүзүнө ашыруу үчүн төмөндөгү милдеттер белгиленди:

- “Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” эпосторундагы баатыр кыздардын образдарын тектеш элдердин эпостору менен салыштыруу;
- “Кыз Сайкал” эпосунун генезиси жана тарыхый өнүгүшүн илимий негизде ачуу;
- “Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” эпосторунун тарыхый-типологиялык жагдайларына анализ берүү;
- Баатыр кыздардын образынын башка каармандар менен болгон карым-катышын эпостордун сюжеттик-мазмундук контекстинде талдоо;

- Эпостордун сюжеттериндеги драмалык курч карама-каршылыктардын ачылыш чеберчилигин иликтөө;
- Эпосторго баа берүү менен бирге кыздар темасына өзгөчө мамиленин идеялык-эстетикалык принциптерин аныктоо;

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

"Кыз Сайкал", "Жаңыл Мырза" эпосторундагы баатыр кыздардын образдары ар тараптуу талдоо процессинен өттү. Кыргыз фольклористика илиминде элдик оозеки чыгармалардын ичинен баатыр кыздардын образдарын чагылдырган "Кыз Сайкал", "Жаңыл Мырза" эпосторунун тектеш элдердин оозеки чыгармаларындагы баатыр кыздардын образдарын салыштыруу менен аладын образындагы окшоштуктарды ачып көрсөтүү. Баатыр кыздардын образынын көркөм поэтикалык өзгөчөлүгүн илимий негизде изилдеп чыгуу жана чыгармалардагы тарыхый кырдаалдын өзгөчөлүгүн, генезисин ачып берүү бул диссертациялык иштин негизги жаңылыгы болууга тийиш.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Элдик чыгармалар окурмандардын көңүлүн ар качан өзүнө буруп келген. Өз алдынча жанрдык өзгөчөлүккө ээ болгон мындай эпикалык чыгармалардын тереңирээк изилдениши фольклористика илими үчүн маанилүү. Бул иш фольклорист-адабиятчы окумуштууларга, жогорку окуу жайларынын студенттерине, аспиранттарга, ошондой эле эпикалык чыгармаларга кызыккан окурмандарга көмөк көрсөтө алат.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор**

- "Кыз Сайкал" эпосунун генезиси кыргыз элинин этногенезиси менен тыгыз байланышта.
- "Кыз Сайкал", "Жаңыл Мырза" эпосторундагы баатыр кыздардын образдары, сюжети жана мотивдери жагынан тектеш элдердин чыгармалары менен окшоштугу мыйзам ченемдүү.
- Жаңыл Мырза баатыр кыз катары кыргыз элинин санжыраларында айтылып келет.
- "Кыз Сайкал", "Жаңыл Мырза" эпостору баатыр кыздардын образдарын даңазалагандыгы менен фольклордо өзгөчө орду бар.
- "Кыз Сайкал", "Жаңыл Мырза" эпосторунун идеялык мазмуну бай.
- Баатыр кыздардын образдары өзгөчө поэтикалык көркөмдүккө ээ.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** "Кыз Сайкал" жана "Жаңыл Мырза" эпостору иликтөө алкагына кирип, бир топ пикирлер айтылып, илимий нукка түшкөн, ошондой болсо да баатыр кыздардын образдарын тереңдете изилдөө проблемасы күн тартибинен түшкөн жок. Иште баатыр кыздардын образдарын ар тараптуу ачып берүүдө теориялык маселелердин изилдениш деңгээли өткөн мезгилдеги баалуулуктарды кайра баалоо позициясынан талдоого алынды.

**Изилдөөнүн апробацияланышы.** Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун фольклор жана акындар чыгармачылыгы бөлүмүндө аткарылды. Диссертациялык иш Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун кеңешмесинде жана Ж.Баласагын атындагы улуттук

университетинин кыргыз адабияты кафедрасынын жана КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун биргелешкен кеңешмесинде, С.Нааматов атындагы Нарын Мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты кафедрасынын кеңешмесинде талкуулардан өткөн. Диссертациянын негизги жоболору жана тыянактары боюнча республикалык илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын жарыяланышы:** Иштин негизги мазмуну республикалык басма сөз беттеринде, КРнын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан сунушталган илимий журналдарда - “КУУнун Жарчысы”, “Тил, адабият жана искусство маселелери” журналдарында жарыяланды. Диссертациялык иш боюнча 7 макала жарык көрдү.

**Иштин түзүлүшү жана көлөмү:** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч главадан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын библиографиясынан турат.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык иштин актуалдуулугу, теманын илимий программалар менен болгон байланышы, изилдөөнүн максаты менен милдеттери, иштин илимий-теориялык жаңылыгы, практикалык мааниси, коргоого коюлуучу негизги жоболору менен изилдөөчүнүн жеке салымы көрсөтүлүп, иштин апробацияланышы, структурасы жана көлөмү жөнүндө жалпы маалыматтар берилет.

**Иштин биринчи главасы: Кыз Сайкал, Жаңыл Мырзалардын образдарынын тектеш элдердин фольклорундагы кыздардын образдары менен окшоштугу.** Бул параграфта тектеш хакас, алтай, якут элдеринин элдик чыгармалары менен “Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” эпосторундагы баатыр кыздардын образдарын салыштыруу менен алардын өзгөчөлүгүн көрсөтүү. Якут элинин олонхолорунун сюжетинде баатыр кыздар баатырларга турмушка чыгып, алардын тукумун улантып, үй бүлө куруп, анын очогун сактаган болсо, хакас жана алтайлыктардын эпосторунун сюжети алардан айырмаланып элин-жерин, мекенин коргошот. Бул жагынан алып караганда тектеш элдердин элдик чыгармаларындагы баатыр кыздардын образдарын баяндаган элдик чыгармалары менен “Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” эпостору сюжети жагынан жакындыгын, алардын тамыры бир экендигин аныктоого болот. Анткени, өткөн байыркы мезгилдерде тектеш элдер менен кыргыз эли жакын байланышта жашагандыктан элдик чыгармаларында сюжети жагынан жакындыктар болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Тектеш элдердин баатыр кыздар жөнүндөгү чыгармаларын “Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” эпостору менен салышытырп төмөнкүдөй жыйынтыкка келүүгө болот: Биринчиден, кыргыз элинин маданияты тектеш элдердин маданияты менен кандайдыр бир байланышы болгондуктан баатыр кыздар жөнүндөгү элдик чыгармалардын сюжети бир типтүү. Экинчиден, көчмөн турмуштун кыргыз элинин жана тектеш элдердин чыгармаларына таасири тийгендиктен окшош сюжеттүү чыгармалардын жаралышына түрткү болгон.

Демек, жалпысынан алып караганда кыргыз эли менен тектеш элдердин баатыр кыздардын образдары аял затына тиешелүү бардык асыл сапаттардын ээси болуу менен, эли-жерин коргоочулар катары чыгармаларда өз орду бар.

**Иштин экинчи главасы: “Тарыхый-турмуштук кырдаал жана “Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” эпостору”** деп аталып, эки параграфтан турат. Бул главанын “Кыз Сайкал” эпосунун генезиси жана тарыхый өнүгүшү” деген биринчи параграфында О.Урмамбетовдун айтуусундагы “Кыз Сайкал” эпосу изилдөөгө алынды. “Кыз Сайкалды” жанрдык жактан баа берүүдө белгилүү окумуштуулар кенже эпос деп аныкташкан [“Манас” энциклопедиясы. 1-китеп. –Б., 1995. -367-б.]. “Кыз Сайкал” эпосун мазмунуна ылайык баатырдык-трагедиялык эпос деп баалоого болот. Эпостун бир гана варианты бар. Орузбай Урмамбетов 1975-жылы КРУИАнын кол жазмалар фондусуна тапшырган. (КРУИАнын кол жазмалар фондусу. Инв. №686 (5324) 311 беттен жана 4324 саптан турат) “Эпостун жалпы көлөмүнүн үчтөн бир бөлүгүн кыз Сайкал төрөлгөнгө чейинки окуялар, тактап айтканда Карача кандын окуясы. Экинчи Сайкал төрөлүп, эр жетип, баатыр кыз аталып, кытай, калмактар менен согушуп, атасынын өчүн алып, элин биримдикте, эркиндикте кармап, кан Сайкал атыгып, жаамы журтка таанылышы. Үчүнчү бөлүгү Сайкал менен Манастын сайышы, акыреттик жар болуп, Манасты акыркы сапарга узатышы” – түзөт [Китепте: Эл адабияты сериясы, 25-т. –Б., 2003. -282-б.]. “Манас” эпосунун варианттарында манасчылар “Манас менен Кыз Сайкалдын окуясын” өзгөчө баяндашкан. Бул окуяны сүрөттөөдө тема эпостордогу акыреттик жар болуу темасына келип такалат. “Манас” эпосунун генезиси жана анын тарыхый өнүгүү процесси боюнча ар түрдүү теориялык-методологиялык бай тажырыйбалар топтолгондуктан, бул параграфта алар аркылуу “Кыз Сайкал” эпосунун генезисин изилдөө менен бир жыйынтыкка келүү зарылчылыгы келип чыкты. Мындай изилдөөбүзгө совет мезгилиндеги фольклористика илимин тарыхый принципте изилдеген методологиялык жоболор негиз болду. Окумуштуу Б.Н.Путилов тарабынан баатырдык эпостордун тарыхый-генетикалык проблемаларын окуп үйрөнүүдө салыштырма-типологиялык изилдөө ыкмасы сунуш кылынган. [Путилов Б.Н. Методология сравнительно-исторического изучения фольклора. -М., 1976.] Белгилүү советтик фольклорист В.Я.Пропп “чыгарманы изилдөөдө элдин тарыхынын өсүү жолу менен болгон байланышын ачуу менен ал байланыштын мүнөзүн аныктоого болоорун” - көрсөтөт [Пропп В.Я. Русский героический эпос. -М., 1955. -19-б.]. Белгилүү фольклорист Р.З.Кыдырбаева: “Манас” эпосунун генезиси кыргыз элинин этногенезиси менен тыгыз байланышта” – деген [Кыдырбаева Р.З. Эпос “Манас”: Генезис. Поэтика. Сказительство. –Б., 1996. -58-б.]. Баатырдык эпостордо уруучулук доордогу үй бүлө курууну сүрөттөгөн сюжеттер көпчүлүк учурда мифологиялык негизде берилген. Эпикалык чыгармаларда мелдештердин адаттагы формалары жаа атмай, күрөш, найза сайыш сыяктуу салттык оюндар менен коштолгон. Айрым окумуштуулардын пикиринде болочок күйөөгө карата жогоркудай салттык жөрөлгөлөрдүн аткарылышынын талап кылынышы негизинен анын күчүн сыноо максатында жүрөт. Окумуштуу

В.М.Жирмунскийдин пикири боюнча патриархалдык коомдо үйлөнүүнүн сюжеттери мифте, жомокто жана эпосто кеңири орун алып, мелдештер күйөө менен кайнатанын, же кыздын агасы менен күйөөнүн жана кыздын өзүнүн ортосунда болгон [Жирмунский В.М. Сказание об Алпамыше и богатырская сказка. -М., 1960. -217-б.]. “Кыз Сайкал” эпосунда Кыз Сайкал менен Манас баатыр эр сайыш аркылуу бири-бирин сынайт. Ал эми окумуштуу С.С.Суразаковдун пикири боюнча үй бүлө куруу сюжетте башкы орунду ээлеп, үйлөнүү үчүн болгон баатырдык күрөш бүтүндөй уруунун баатырдык жеңиши болуп калган [Суразаков С.С. Героический эпос алтайцев, - М., 1958. -54-б.]. Улуу мансчыларыбыз С.Каралаев, М.Мусулманкуловдун версияларында жана О.Урмамбетовдун вариантында баатырдык үйлөнүү темасынын байыркы формасы Манас баатыр менен Кыз Сайкалдын акыреттик жар болуусу сакталган. С.Орозбаковдун вариантында: Кыз Сайкал Манаска душман катары найза шилтеп, чын эле өлтүрөйүн деп аракет кылса, Манас Кыз Сайкалдан айырмаланып аны алыстан сынап карап, өзүм алчу кыз экен деп аны аяп мамиле кылат, натыйжада Манас Чубактын жардамы менен жеңет, бирок Сайкалдын кайып болгону жөнүндө айтылбайт. Саякбай Каралаевдин вариантында: Кыз Сайкал менен Манас баатыр салгылашканда айкөлдү аттан көтөрүп ала коюп, ачуум менен ыргытсам, кыргыздын бели сынат, кабарын укса кытайды кудай урат деген ой менен жеңилет. Кум-Талаанын чөлүндө Айкожо Кыз Сайкал менен Манас баатырга кыямат нике кыят. Манас каза болгондон кийин зыйнатынан келип, Кыз Сайкал кайып болуп кетет. Жусуп Мамайдын вариантында: Кыз Сайкалга атайын токтолуп ага өзүнчө эпизод берилбестен, анда-санда гана салгылашууларда эскертилет да Кыз Сайкалдын Манаска таарынып калмак элине качып кеткендиги, Манаска душман катары мамиле кылгандыгы баяндалат. Кыз Сайкал Манас баатырды аттан аңтарып жыгат, Манас баатыр кызды Чубактын жардамы менен жеңет, бул вариантта акыреттик жар болуу сюжети жок. Коом өзгөргөн сайын үй бүлөлүк салттар да өзгөргөндүктөн, улам кийинки муундар байыркы муундун салтын унута баштагандыктан, традициялык сюжеттер улам кийинки доордогу үй бүлөлүк салтка жараша башкача баяндалгандыгын Жусуп Мамайдын вариантынан байкоого болот, анткени анда тарадициялык сюжет бузулуп, башканча нукта баяндалат. Акыреттик жар болуу түшүнүгү байыркы мезгилдерде Чыгыш элдеринин көпчүлүгүндө жана монгол элинде сакталган. Ар бир адамдын адилет, ак жашаган аялы тиги дүйнөдө да бирге жашайт деген түшүнүк байыркы убакта өкүм сүргөн. Ошондуктан айрым Чыгыш элдеринде өлгөн адамдын аялын кошо көмүү салты монгол доорунда да сакталгандыгын 13-кылымдагы саякатчы Г.Рубруктун маалыматтарынан көрүүгө болот.

Жалпы фольклордун өнүгүү мыйзамынын чегинде алып караганда О.Урманбетовдун “Кыз Сайкал” эпосунун жаралышында эки факторду белгилеп кетүү зарыл.

1. “Кыз Сайкал” эпосунун сюжеттик системасы “Манас” эпосундагы Кыз Сайкалга байланышкан окуяга караганда бир катар окуялар менен толукталган. Мисалы, Кыз Сайкалдын атасы Карача кандын окуясы, Кыз Сайкалдын

төрөлүшү, бой жетиши, тышкы душмандардан элин бошотуу үчүн жүргүзгөн күрөштөрү.

2. “Кыз Сайкал” эпосунун сюжеттик системасындагы жалпы эпикалык окуялар деталдаштырылып сүрөттөлүү менен көлөмү жагынан кеңейтилип иштелип чыккан. Мисалы, Кыз Сайкалдын образына, анын атына, курал-жарактарына, кийим-кечегине чейин эпикалык мүнөздөмө берилген. Жекеме-жеке чыгуулары кеңири сүрөттөлгөн.

О.Урмамбетовдун “Кыз Сайкал” эпосунун тарыхый өнүгүшүнө негизги үч фактор өбөлгө болгон:

1. Элдин башынан өткөргөн урунттуу тарыхый окуялары жөнүндөгү элдин эсинде сакталып келе жаткан оозеки уламыштар чыгарманын сюжетиндеги эпизоддордун кеңейтилип айтылышы үчүн негизги көркөм каражаттардан. Баатырдык эпикалык чыгармалардын бардыгы эле элдин тарыхый өнүгүшүн баяндоо менен баатырдык доорлорду, элдик салттарды кеңири масштабда жалпылаштырып идеялизациялоо аркылуу көркүнө чыгат. Кыргыз элинин тарыхында конкреттүү душманы болгон Цин империясынын агрессивдүү баскынчылык саясаты жана элдин башынан өткөргөн тарыхый окуялар чыгармада кенен баяндалат.

2. ”Кыз Сайкал” эпосунун традициялык эпизоддору ички мүмкүнчүлүктөрүнө карата кеңейтилип баяндалышы үчүн негиз катарында “Манас” эпосунун варианттарынын сюжетиндеги “Кыз Сайкалга” байланышкан окуялардын таасири болгондугун ачык эле байкоого болот. “Манас” эпосунун таасиринин негизинде жаңы эпикалык окуялардын сюжеттик системасы түзүлүп, кыргыз элинин элдик чыгармаларынын арасына дагы бир зор чыгарма кошулган.

3. “Кыз Сайкал” эпосу профессионал адабияттын гүлдөө доорунда жазылгандыктан бул мезгилде эпостун салттык негизин кеңейтип айтуу тенденциясынын өнүгүшүнө ылайык айтуучулар эпикалык окуяларды деталдаштырып баяндоо менен бирге, каармандардын иш-аракеттерин, мамилелерин жана психолгиялык абалдарын да кеңири туюндуруу үчүн мүмкүнчүлүктөрүнүн келишинче салттык ырлардын элементтерин, санат-насыят ырларынын үлгүлөрүн пайдаланышкандыгын байкоого болот.

Жыйынтыгында, “Кыз Сайкал” эпосунун сюжеттик системасындагы эпикалык окуялардын структурасы жана алардын жалпы композициялык бирдиги эпостун биографиялык принципте курулгандыгын далилдейт. “Кыз Сайкал” эпосу - кыргыз элинин байыркы тарыхый-турмушу менен байланышып, баатыр Кыз Сайкалдын образын баяндагандыгы менен өзгөчө орунда турган чыгарма.

**Биринчи главанын үчүнчү параграфы: “Жаңыл Мырза” эпосундагы сюжеттик канва жана тарыхый кырдаал”** деп аталып, Кыргыз элинин оозеки чыгармаларынын ичинен “Жаңыл Мырза” эпосуна кайрылган эл акындары Абдыкалык Чоробаев, Тоголок Молдо, Ыбырай Абдырахманов, Молдобасан Мусулманкуловдордун варианттары изилдөөгө алынды. Окумуштуу С.С.Суразаков: “Чем больше вариантов имеет произведение, тем

легче установить его древнюю основу и тем легче и глубже откроется процесс его развития” деген [Суразаков С.С. Героический эпос алтайцев. - М., 1958. -22-б.]. “Жаңыл Мырза” эпосу XVII-XVIII кылымдарда Ойрот-Жунгар доорунда пайда болгондугу туурасында айтылган маалыматтар бар [Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгын тарыхынын очерктери. -Ф., 1973. -466-467-б.]. Кыргыз элинин тарыхында XVIII кылымдын ары-бери жагында белгилүү бирден-бир омоктуу окуялардын бири Жунгарлар менен болгон согуш. Жунгарлар жалгыз эле кыргыздарды эмес Орто Азияда жашаган бардык элдерге коркунуч алып келгендиктен, мындай баатырдык эпостор башка тектеш элдерде дагы жаралган. Окумуштуу Л.Климович: “Орто Азия элдеринин Жунгар-калмактарга каршы күрөшү алардын эпикалык чыгармаларында чагылдырылган, өзбек, казактарда баатырлар жөнүндө “Алпамыш” эпосу болсо, каракалпак элинде “Кырк кыз” эпосун алсак болот” деген [Климович Л. Сорок девушек – Кырк кыз: Каракалпакская народная поэма. –Нукус, 1983. -8-б.]. Каракалпак элинин “Кырк кыз” эпосунда Гүлайым деген баатыр кыз сырткы душмандарга каршы күрөшөт. Гүлайым 40 кыз топтоп аларды согуштук өнөргө үйрөтүп баатырдыкка, элин коргоого тарбиялайт. Мына бул жагынан алып караганда Гүлайым менен Жаңыл Мырзанын образын салыштыруу аркылуу алардын образындагы окшоштуктарды байкоого болот. Чыгармада экөө тең баатыр-кыз, өз элин-жерин тыштан келген баскынчылардан коргошот, душмандарга аёосуз сокку беришет. Алар өз намысын, адамгерчилигин жогору баалашат, көз каранды эместигин кайраткерлик менен сакташат. Эки баатыр тең калмактарга каршы согушат. Мына булар эки образдын жалпы окшош жактары. Ал эми бул эки образдын өзгөчөлүктөрү алардын тышкы портреттерине, жашоо шарттарына, психологиясына мүнөздөмө берүүдө ачык байкалат. Мындай “жалпы окшоштуктарына карабастан, ар бир элдин эпосу өзүнө гана мүнөздүү өзгөчө көркөм касиеттерге ээ” [Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгын тарыхынын очерктери. –Ф., 1973. -481-б.]. “Кырк кыз” эпосу дагы мекенчилдик теманы өзүнө сиңирген чыгарма. Анткени Гүлайым өзүнүн эли, жери анын келечеги, эркиндиги үчүн башын сайган каарман. Элин калмактын ханы Суртайшадан бошотот да мамлекетинин башчысы болуп калат. Ал хорезм баатыры Арсланга турмушка чыкса дагы бийлиги өзүндө калат, анткени ал элин, жерин таштап кеткен эмес. Жаңыл Мырза дагы өзүнүн элинин эркиндиги үчүн талыкпай күрөшөт, кыйынчылыктарга карабастан душмандарынан бошонуп, элин чогултат, ушунун өзү эле “Кырк кыз” эпосу менен “Жаңыл Мырза”эпосунун мазмундук жактан жакындыгын көрсөтөт.

“Жаңыл Мырза” эпосу мурдатан келе жаткан окуялардын негизги нугун, уюткусун өзүнүн калыбында сактаган, өзү жашаган тарыхый шарттын талабына шайкеш келген толуктоолор менен кошулуп, талапка жооп бере тургандай чыгарма катары биздин күнгө жеткен. Тарыхый баатыр кыз Жаңыл Мырза жөнүндө кыргыз эли санжыраларында да айтып калтырган. (Үсөйүн-Ажы, Б.Солтоноев) “Жаңыл тарыхый личность болгон күндө да биз аны

эпостогу сүрөттөлгөн окуялардын чегинде көркөм образ катарында карайбыз" [Суванбеков Ж. Кыргыз элинин баатырдык кенже эпостору, -Ф., 1970. -192-б.].

"Жаңыл Мырза" эпосунун варианттарынын сюжеттеринде анча айырмачылык жок. "Т.Молдонун варианты бөтөнчө тыкан, компактуулугу менен айырмаланат - өзүнчө бир бүткөн көркөм чыгарма" [Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгын тарыхынын очерктери. -Ф., 1973. -469-б.]. Тоголок Молдонун варианты менен Ы.Абдырахмановдун вариантынын анча айырмасы жоктой сезилгени менен Ы.Абдырахмановдун вариантында Тоголок Молдого карганда окуялар санжыралардын негизинде айтылгандай толук баяндалгандыгын көрүүгө болот. Окумуштуу Р.З.Кыдырбаева: "Ыбырай Абдырахманов Тоголок Молдонун сюжетин колдонуп жана элдик оозеки вариация аркылуу "Жаңыл Мырза" эпосунун вариантын жараткандыгын" белгилеп кеткен [Кыдырбаева Р.З. Народно-поэтическое традиции в эпосе "Жаңыл Мырза". –Ф., 1980. -7-б.]. Ал эми Тоголок Молдонун вариантына окумуштуу: "Обычно в эпосе женщина является воплощением красоты, нежности, стыдливости и покорности. Эти качества почти отсутствуют у Жаңыл. В ней чаще всего, сказители подчеркивают мужественную красоту, подтянутость, решительность" – деген [Кыдырбаева Р.З. Народно-поэтическое традиции в эпосе "Жаңыл Мырза". –Ф., 1980. -9-б.]. Окумуштуулардын айткандарына таянып Тоголок Молдо, Ы.Абдырахмановдордун варианттарында сюжеттик өнүгүшүндө анча айырмасы жок экендигин белгилеп кеткибиз келет. Ал эми М.Мусулманкуловдун вариантында байыркы форма, эпикалык салттуулук сакталгандыгын жана бул варианттын өзгөчө изилдөөдө баалуу материал экендигин окумуштуу Р.З.Кыдырбаева белгилеп өткөн [Кыдырбаева Р.З. Народно-поэтическое традиции в эпосе "Жаңыл Мырза". -Ф., 1980. -7-б.]. Ошондой эле баса белгилеп кетүүчү нерсе А.Чоробаевдин варианты башка варианттарга салыштырганда көлөмдүүрөөк, анткени Жаңыл Мырзанын туткундан кайткандан кийинки өмүрү, тактап айтканда: "Боз жоргонун баяны" бөлүмү бир топ сюжеттердин курамынан турат.

Чыгармадагы башкы салттык туруктуу окуя – баатыр кыздын ички душмандардын колуна түшүп Калматай чалга баш кошушу. Мындай конфликт – чыгарманын кыймылдаткыч күчү. "Жаңыл Мырза" эпосу конфликттерде абдан таасирдүү ачылган. "Жаңыл эки түрдүү душманга каршы күрөшөт – өз ара чатакташкан кыргыз уруулары жана кыргыз элинин негизги душманы – калмактар. Калмактар коркунуч туудуруп турган кезде уруулардын өз ара чатагы кыргыз эли үчүн эч пайдасыз экендигин Жаңыл жакшы түшүнөт" [Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгын тарыхынын очерктери. -Ф., 1973. -470-б.]. Мындай сюжет А.Чоробаевде Чынасыл атайы Аккочкордун атынан Жаңыл Мырзадан өч алмакка издеп келип, калмак Эрдене менен Жаңылдын тоюнда мырзага токмок салып шакегин алганда Аккочкорго саламын айттырат. Албетте калмактардан коркунуч болуп турган тарыхый мезгилде кыргыз эли биригип, бири-бирин колдоп, туу таяныч болуу идеясынын кыз болсо да Жаңыл Мырза тарабынан көтөрүлүшү, камкор баатыр экендигинин далили.

А.Чоробаевдин вариантында Жаңыл Мырза Аккочкорго ишенип ички душмандарынын колуна өзү түшүп берди. Алардан кордукту көрүп чыңалып, шарты келгенде алардан качты, алардан дээрлик бардыгынан өчүн алды, мында белгилүү бир аялдык мүнөз калыптанды. Жаңыл Мырза эли-жерин коргоо үчүн жүргүзгөн асыл аракеттеринин аркасында душмандар менен болгон айыгышкан күрөштөр, кагылыштар аркылуу чыгарманын финалында жеңишке жетти.

М.Мусулманкуловдун варианты боюнча бул жагдай такыр башка мүнөздө баяндалат: "Жаңыл бүткүл нойгуттардын алдында – ким менин шакегимди тартып алса, ошого баш ийем деп ант берет. Абыл жашырынып келип, той өткөрүп жаткан Жаңылдын ордосуна барып, анын колунан шакегин алып кетет. Мына бул жагынан эпос башка баатырдык мүнөздөгү варианттардан айырмаланып турат" [Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгын тарыхынын очерктери. -Ф., 1973. -473-б.].

Ал эми Ы.Абдырахманов менен Тоголок Молдонун вариантында Аккочкор Жаңылды эңип кетет. "Жаңыл Мырза" эпосунун бардык варианттарында жогорудагы баяндалган окуялардан кийин ички душмандар Жаңылды карыган чал Калматайга аялдыкка берүү менен өч алышат. Албетте айтуучулар каармандарды баяндоодо аларды ар кандай кыймыл-аракетте сүрөттөп, турмуштун ар кандай жагдайларындагы кагылыштарына катыштырат. М.Мусулманкулов, Ы.Абдырахманов, Тоголок Молдонун вариантында туткундан келгенден кийинки өмүрү баяндалган эмес, Жаңылдын элине кайтып келген деген эле жыйынтык берилген.

А.Чоробаевдин вариантында "Боз жоргонун баянында" Жаңылдын туткундан бошогондон кийинки өмүрү жана калмактар менен болгон согушу, Шырдакбекке байланышкан окуялар кеңири сүрөттөлөт. Бул боюнча окумуштуу А.Жайнакова: "...Шырдакбектин боз жоргосу жөнүндөгү тарыхый уламыштар бир сюжеттик линияга салынып, элдин өзүнүн салтында социалдык түсү менен жогорку көркөмдүктө кайтарылып отурат" - деген [Жайнакова А. Эпикалык салт жана элдик көз караш. Китепте: Эл адабияты сериясы. 6-т. -Б., 1998. -12-б.]. Бул вариантта Жаңыл туткундан качкандан кийин артынан келген Калматайды атып өлтүрөт да баласын кошо атайын дегенде колу калтырап жаанын огу баласына тийбестен аман калат, бул сюжетте Жаңылдын баатырдык эмес, анын энелик сезими күчтүү баяндалат.

М.Мусулманкуловдун вариантында Жаңыл Мырзанын энелик сезимине эмес, анын баатырдык мүнөзүнүн күчтүүлүгүнө басым жасалат. Анткени баатыр кыз артынан келген Абылды баласы менен катар атып өлтүрөт.

Жыйынтыктап айтканда, "Жаңыл Мырза " эпосу узак убакыт бою оозеки поэтикалык салттык сюжеттердин негизинде байып, бардык варианттарда көрүнүп тургандай түрдүүчө алымча кошумчаларга учурап келсе дагы эпосто сүрөттөлгөн окуялардын, катышкан каармандардын иш-аракеттернен улам чыгарма негизинен кийинки доорду чагылдырат.

**Изилдөөнүн экинчи главасы: "Кыз Сайкал", "Жаңыл Мырза" эпосторундагы элдик мотивдердин өзгөчөлүгү жана идеялык мааниси** деп

аталып, эки параграфтан турат. Бул главанын биринчи параграфы: “Элдик мотивдердин “Кыз Сайкал” эпосунда берилиш өзгөчөлүгү” деп аталат. О.Урманбетовдун «Кыз Сайкал» эпосунда дүйнө элдеринин эпикалык чыгармаларынын үлгүлөрүндөй эле оң каармандын жарык дүйнөгө келиши менен баатырдык тема курчуп жүрүп отурат. Окумуштуу С.Кайыпов: “Эпикалык салт мыйзам боюнча кандын жападан жалгыз кемчилиги – баласыздыгы. Баласыздык мотивин көркөм өздөштүрүү үчүн сырткы душмандардын тынч жаткан элге бүлүк салышы, жашы улгайган кандын кудайдан бала тилеши, түш көрүү сыяктуу кырдаалдык мотивдер колдонулат” [“Манас” энциклопедиясы. 1-китеп. –Б., 1995. -367-б.]. Баатыр кыздын узак убактан кийин жарык дүйнөгө келиши «Кыз Сайкал» эпосуна же бир элге таандык көрүнүш эмес. Академик В.Жирмунский Орто Азия жана жакынкы чыгыш элдеринин фольклорунда мындай фактылардын жыш учурай тургандыгын жана мунун өзүн байыркы мотивдерден экендигин белгилейт [Жирмунский В.М. Сказание об Алпамыше и богатырская сказка. -М., 1960. -164-б.]. Айтылган ойлорду тектеш элдеринин фольклорунан кездешкен фактылар далилдей алат. Мисалы, Алтайлыктардын “Кан Мерген” баатырдык эпосунда [Кан Мерген - Кан Мерген, имеющий старшую сестру Кан Арго. -М-Л., 1940. -80-154-б] Кан Мерген узак убакыт балалуу болбой кудайдан тилеп, мергенчиликке чыгып, боздоп ыйлаганын тоо-таш, жогорку кудай Бурыл-Буркан, жер алдындагы Эрлик бий угат да ушул окуядан кийин балалуу болот. Мындай мотив түрк элдеринин байыркы жазма эстеликтеринен болгон “Коркут Ата китебинде” да орун алат. “Дерсе кан баласыздыкка кайгырып, аялына өзүнүн кайгы-муңун, күйүтүн билдирет. Ошондо аялынын кеңеши боюнча Дерсе кан ач-жыңылычтарга арнап көп кайыр садага берип, ата-бабасынын арбагына сыйынып, теңирден бала тилейт. Тилеги кабыл болуп хан уулду болот” [Акматалиев А.А. Байыркы орток түрк адабиятынын очерки. Б., 2001. -23-24-б.].

Адам баласынын жашоосунун табигый закону - бул тукум улоо. Кыргыз элинин оозеки чыгармаларында атанын баласыздык кайгысы айрыкча улуу “Манас” эпосунда жана башка элдик чыгармаларда кеңири кездешкен мотивдерден. “Кыз Сайкалдагы” атанын бала көрбөй жүрүп кыздуу болушу эпикалык чыгармаларга тиешелүү салттык мотив. Мындай мотивдер байыркы болсо дагы, элдин конкреттүү турмуш жагдайына, эстетикалык табитине карата калыптанып жүрүп отурган. Жоокерчилик заман күчтүү болуп, урууулук түзүлүштүн жөрөлгөлөрү өтө үстөмдүк жүргүзгөн элдердин көркөм ойлоосунда мындай сюжет өзгөчө өнүккөн. Карача кандын жашы улгая баштаганда кытай төрөлөрү аны тоготпой өз оюна келгенин жасап, эр өлтүрсө сөзгө келбей калат. Чыгармада баласыздык мотивин көркөм өздөштүрүү үчүн сырткы душмандардын тынч жаткан элге бүлүк салышы, жашы улгайган кандын кудайдан бала тилеши, түш көрүшү сыяктуу кырдаалдык мотивдер колдонулат.

Коомдун өсүп-өнүгүшү, адамдардын турмуш аң сезимине өзгөрүүлөрдүн кириши менен фольклорго да жаңы идеялар, көз караштардын кириши мыйзам

ченемдүү көрүнүш. Ошондуктан улам кийин байыркы мотивдерди кайрадан жаратуу, өзгөртүү процесси жүргөн. Алсак, коомдун кийинки баскычтарында элдик оозеки чыгармачылыкка жаңы түшүнүк, көз караштардын негизинде болочок баатырдын төрөлүшүн баяндоочу байыркы мотив кереметүү түш көрүү. «Кыз Сайкал» эпосунда түш көрүү мотиви спецификалык касиетке ээ.

Түндө жатып түш көрдүм,
Бир ажайып иш көрдүм. Асмандан учкан ак шумкар,
Табына келген шумкарды, Чабыты кетти алыска.
Алып чыгып салыпсың, Айлантып алтын тууруңа,
Каалаганың алыпсың, Кондуруп алдың абышка,
Канжыгаңа чалыпсың. Бул эмине болучу.
Жердегини жерде алды, Ачык айтып ак сүйлөп,
Чөлдөгүнү чөлдө алды, Кан төрөм түшүм жооручу [Урмамбетов О. Кыз Сайкал. Китепте: Эл адабияты сериясы. 25-т. -Б., 2003. -350-351-б.].

Жогорудагы түш көрүү мотиви келечекте элдин кызыкчылыгын коргоп, элге кызмат кылыа турган, эл сүйгөн, идеалдуу каарман дүйнөгө келе тургандыгын баяндап жатат. "Түш – алды жактагы кандайдыр бир кубулуштун жакшылык же жамандык мүнөздө болорун шек билгизип кабарлай турган символикалык функцияны аткарат" [Мамытбекова З. Абдылдаев Э. "Манас" эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери, -Ф., 1966. -187-б.].

Жолборс менен келечектеги баатырдын байланышын чагылдырган мотив кыргыз эпосторунда кенен өнүккөн. Мисалы, Чыйырдынын Манасты төрөөрдө жолборстун жүрөгүнө талгак болушун кеп кылсак болот. Мындай салттык мотивдер тектеш элдердин көпчүлүк эпосторунда кезигет, мисалы, казак элинин "Шоро баатыр" эпосунун башкы каарманынын энеси дагы арыстандын жүрөгүнө талгак болот. "Кыз Сайкал" эпосунда баатыр кыздын энеси Зуура байбиче жолборстун жүрөгүнө талгак болот. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында баатырлардын төрөлүшүн окумуштуу фольклорист С.Закиров эки планга бөлүп караган: "Биринчи аргумент бала төрөлөөрдө аялдын жолборстун, кабыландын, ажыдардын жана башка жырткыч айбандардын жүрөгүнө талгак болушу. Аялдын эмнеге талгак болгондугунан эле кандай бала төрөлө тургандыгы белгилүү боло баштайт. Экинчи учурда бала деп зарлаган ата-эне мазарга сыйынып, же кудайдан сурап жалынганда тилегинин кабыл болушуна байланыштуу каралышы. Бул учурда да төрөлгөн бала кандайдыр бир өзгөчө касиетке ээ болушу алдын – ала сезилип турат" [Закиров С. «Эр Төштүк» эпосунун варианттары жана идеялык – көркөмдүк өзгөчөлүктөрү. -Ф., 1960. -16-б.]. Кыз Сайкалдын дүйнөгө келиши менен эл каалаган максатына ошол баатыр кыз менен гана жеткирээрине басым жасалат.

Кыз Сайкалдын төрөлүшүнө байланыштуу мотивдер жөн гана жомоктук элемент болбостон, анын идеялык-мазмунуна туура келген салттык ыкма. Көрүнүп тургандай элдин камын ойлогон баатырлардын төрөлүшү эпоско зарыл. Окумуштуу В.М.Жирмунский: "В более позднюю эпоху древний мотив чудесного рождения героя должен был вступить в конфликт, по крайней мере в

бытовом плане, с новыми представлениями отцовского рода... В соответствии с этим в эпоху феодализма взамен старых мотив чудесного зачатия эпического героя выдвигаются новые, основанные на представлениях более современных, но сохраняющие в свой новый героика-романтической форме исключительность событий, сопровождающих его появление на свет» [Жирмунский В.М. Сравнительное литературоведение. –Л.,1979. -323-324-б.] деп көрсөткөн. “Кыз Сайкал”, эпосундагы баатыр кыздын төрөлүшү кадыр эсе мифологиялык мүнөздө мотивировкаланат:

Оозун ачып ыйласа,
Баркыраган үнү бар.
Эки көзү ачылуу,
Алаканы жазылуу,
Чирменгени жигиттей,
Бир катынга бой бербей,
Оңой эмес каруусу.
Таңгалдырды буларды,
Башкача бала туулганы [Урмамбетов О. Кыз Сайкал. -Б., 2003. -353-б.].

Элдик чыгармаларды үстүртөн караганда баатыр кыздардын дүйнөгө келиши жеке гана үй бүлө үчүн гана жүргүзүлгөн күрөштөй сезилгени менен, алар жеке керт башынын кызыкчылыгы эмес жалпы калк үчүн кам көрүшөт. Мындай мотив элдик чыгармалардын көпчүлүгүнө мүнөздүү. Окумуштуу Б.Н.Путилов: “Чудесное рождение есть признак героя. Он рождается для спасения и избавления” [Путилов Б.Н. Русский и южнославянский героический эпос. -М., 1971. -17-б.]. Болочок баатыр төрөлгөнгө чейин элдин турмушунда абдан кыйынчылык болоору шексиз, мына ушундай кыйынчылыктан кутулуш үчүн элге баатыр керек, алар ушундай кыйың-кезең турмушту жок кылыш үчүн жаралат. Академик В.М.Жирмунский: “эпикалык баатырдын төрөлүш мотивинин жомоктук-мифологиялык мүнөздө болушу Орто Азия элдеринин фольклоруна мүнөздүү” деген [Жирмунский В.М. Введение в изучение «Манас» -Ф., 1948. -169-б.].

Баатыр кыз жаш кезинде тентек, чыйрак болсо, улам бой тарта баштагандан токтолуп, элдин жашоо-турмушуна байланыштуу келип чыккан жоопкерчиликтердин баардыгын өз моюнуна алат. Сайкалдын эволюциялык өсүү процесси жети жашка келгенде:

Бою өсүп болкоюп,
Он бештеги жигиттей,
Мойну узарып койкоюп – деп сүрөттөлөт [Урмамбетов О. Кыз Сайкал. -Б., 2003. -355-б.]. Окумуштуу А.Уланов белгилегендей: “Становится понятным, что очень распространенный мотив о сказочно быстром росте батыров относится не только к мечте, к желаниям и чаяниям народным, но имеет свою “базу” - оборотничество” [Уланов А. Бурятский героический эпос. -Улан-Уде, 1969. -128-б.]. Сайкал абдан бат өсүп, жашы он бирге келгенде кадимки салабаттуу жигиттердей заңкайган кыз болуп чыга келет. “Кыз Сайкал” эпосунда баатыр кыздын бой жеткенинен баштап эле кытай, калмак

баскынчылары өз жазасын алышат. Эпикалык баатыр элинин көз каранды эместигин камсыз кылуу менен элдин жакшы жашоосу үчүн күрөшөт.

Дүйнөлүк оозеки адабиятта күч сынашып үй бүлө куруу окуялары негизги мотивдерден. Бул жагдайдан алып караганда “Кыз Сайкал” эпосунда Манас баатыр менен Кыз Сайкалдын жекеме-жеке сайышында Манас жеңиле жаздап, Кыз Сайкал “Манасты жеңсем кыргыздын бели сынаар” деп мөөрөйдү Манас баатырга берет. Мындай мотив тектеш элдердин оозеки чыгармаларында дагы кезигет, мисалы огуздардын “Коркут ата жөнүндөгү китеп” эпосундагы “Бамси-Байрек” аңгемесинде күйөө менен кыздын күрөшү жөнүндө баяндалат [Книга моего деда Коркута. -Л., 1962.]. Бану-Чечек менен Бамси-Байрек кармашат, анда акыры Бамси-Байректин алы кетип “кызга алдырсам, бүткүл огузга шылдың болом” деп, кайраттанып, кызды жеңет да, ага үйлөнөт. “Коркут ата” эпосундагы жана “Кыз Сайкал” эпосунада эркектердин баатыр кыздардан жеңиле жаздап жеңишке ээ болгон мотивди окшоштурсак болот. Ошентсе эки эпосто үйлөнүү мотивдери ар башка. Анткени, Бамси-Байрек Бану-Чечекке баш кошот. “Кыз Сайкал” эпосунда болсо Манас менен Кыз Сайкалдын акыреттик жар болуу мотиви берилет. Кыз Сайкал бардык вариантта тең бул дүйнөдө турмушка чыкпайт, ал анты боюнча Манас баатыр өлгөндөн кийин кайып болуп кетет. Мындай мотив кыргыз элинин башка эпосторунда кезикпейт, муну жомоктук мотив менен салыштырсак болот.

Жыйынтыктап айтканда, “Кыз Сайкал” эпосундагы майда жана чоң темалардын бардыгы башкы тема болгон баатырдык темага баш ийип, элдин эркиндикке, теңдикке болгон духун көрсөтүү менен баатырдык мотивдерди өзгөчө чагылдырат.

**Экинчи главанын экинчи параграфы: “Жаңыл Мырза” эпосунун идеялык өзгөчөлүгү”** деп аталат. Кыргыз эли байыртадан улуттук кызыкчылыкты көздөгөн, улуу идеяларды көздүн карегиндей сактап келген эл. Элдин жашоосу, тарыхы, боштондук үчүн күрөшү, алга умтулушу, көз карашы, салт-санаасы бүт бойдон ойлоо сезиминде сакталып, оозеки түрдө биздин заманга жетип отурат. “Жаңыл Мырза” эпосунун идеялык өзгөчөлүгүнүн этнофилософиялык негизин илимий жактан иштеп чыгуу орчундуу жана учурдагы актуалдуу маселелердин бири. “Жаңыл Мырза” эпосунун бардык варианттарында кыргыз элинин үрп-адаты, салты, этнографиясы менен бирге, баатыр кыздын төрөлүшү, бой жетиши, жоокердик иштерге аралаша башташы, душмандар менен болгон салгылашуулар сыяктуу темалар негизги идея менен бирдикте бир бүтүндүккө айланат. Сюжеттик окуялар болсо Жаңыл Мырзанын кыймыл-аракети, көз караштары менен ажырагыс байланышта берилген. Демек, элибиз эзелтеден кыздардагы асыл сапаттарды баалап келген. Жаңыл Мырза дүйнө, мал-мүлктү өзүнө алуу жана өзүнүн жеке керт башы үчүн күрөшпөгөн улуу гуманист кыз. Ата сөзүн кадырлаган аң сезими тунук, төгөрөгү төп келген элдик баатыр, элдин күчүнө таянат, эл менен ажырагыс бирдикте жоого аттанат.

“Жаңыл Мырза” эпосунун бардык варианттарында баатыр кыздын образы аркылуу элдин баатырдык күрөшү, эл-жерди думандардан коргоо,

аларды башка элге кор кылбоо сыяктуу темалар чыгармалардын негизги идеясын түзөт. “Жаңыл Мырза” эпосу өз элинин көз карандысыздыгы үчүн Ата журтун коргоо идеяларын реалдуу негизде чагылдырат. Тематикалык жактан баатырдык мүнөздө болуп кыргыз эли жашап өткөн коомдун орчундуу мезгилдерин ар түрдүү кырдаалдарда сүрөттөйт. Чыгармада кыргыз элинин байыркы караңгы замандагы кыздарга болгон туура эмес мамилеси ашкереленет. Окумуштуу Б.Керимжанова белгилегендей: “Дайыма адилет, алга өсүүгө умтулган эмгекчи эл аялдардын асыл сапатын, ой пикирин жогору кадырлаган” - деген [Керимжанова Б. Адабият жана көркөм чеберчилик. -Ф., 1980. -39-б.]. Мунун өзү кыргыздарда улам кийинки мезгилдерде реалдуу тенденциянын эпос менен жакындашы жана бул ички процесстин турмуш менен байланышын көрсөтөт.

Окумуштуу Б.Н.Путилов: “В основе фольклористических представлений о типологической последовательности и преемственности лежат общие идеи, связанные как с пониманием закономерностей общественного развития и истории культуры, так и с пониманием особенностей развития фольклора” – деген [Путилов Б.Н. Методология сравнительно-исторического изучения фольклора. М., -1976. -12-б.]. “Жаңыл Мырза” эпосунун идеялык мазмунуна, сюжетине жана сүрөттөлгөн окуяларга байкоо жүргүзсөк, анда кыргыз эли феодалдык урууларга бөлүнүп, уруу феодалдары өз уруусунун кызыкчылыгы үчүн ич ара келише албай, жоолашып, бытырап турган мезгилдерге таандык. Уруу башчылары өз бийлигин сактоо үчүн өзүнөн алсыздарды багындыруу максатында, өз ара салгылашууларды жүргүзүп келген. “Жаңыл Мырза” эпосундагы улуттук идеянын көтөрүлүшү – адамзаттын көркөм өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүү көрүнүшү. Душман канчалык күчтүү болсо дагы баары бир элдик баатырлар жеңишке жетет, элдин көздөгөн максаты дагы ошол. Чыгармалардагы мындай мекенчилдик идеянын эл тарабынан кубатталышы элдик баатырлар аркылуу ишке ашат. Кандай гана кыйын кырдаал болбосун элдик каармандардын образына өлбөс-өчпөс, чексиз баатырдык сапаттар тартууланган. Жаңыл душмандардын колуна түшүп, төрт баатырдын куну үчүн оор азап-тозокторду башынан өткөрдү:

Чачын кыркып кайчылап,
Каршы-терши камчылап,
Какый дебейт эр Жаңыл,
Көздөн жашы тамчылап,
Көбүрөөк жеп таякты,
Жатып калды алсырап [Чоробаев А. Жаңыл Мырза. Китепте: Эл адабияты сериясы. 6-т., -Б., 1998. -231-б.].

Ошондой болсо дагы акыры душмандарынан өчүн алып жеңишке жетет. Элдик чыгармаларда жалпы карапайым калктын эңсегени – эркиндик. Бул жалгыз гана Жаңыл Мырзанын тилеги эмес, бүткүл элдин тилеген тилеги. Ушундай жалпы элдин мүдөөсүн аткаруу Жаңыл Мырзага гана жүктөлөт. Демек, эл өзү сүйгөн каармандарды сактап калуу үчүн ар түрдүү ойлорду, кыялдарды жаратышкан. Натыйжада Жаңыл Мырза оор кордукту

көрдү бирок аман калды. "Жаңыл Мырза" эпосунун идеялык негизин, элдин мүдөөсүн ойлобогон, консервативдик уруу башчыларына каршы күрөш түзөт. Эки күчтүн бири-бирине карама-каршы күрөшүндө акыры адилеттүү күч кара ниеттүү күчтөрдү жеңет. Ошентип "Жаңыл Мырза" эпосу Жаңыл Мырзанын жеңиши, элдин биригиши менен аяктайт. Окумуштуу Б.Кебекова белгилегендей: "Фольклор элдин арман-муңун көрсөтүү менен гана чектелбейт. Кайта алардын саясий сезимин ойготуп жандандырат, активдүүлүгүн көтөрөт. Өздөрүнүн жыргалчылыгына бөгөт болуучу ар кандай караниеттерди жок кылууга үндөп, күрөшкө чакырып, коомдун алмашуусунун ар кандай жолдорун самашат, тилешет" - деген [Кебекова Б. "Кедейкан" эпосунун идеясы жана көркөмдүк өзгөчөлүгү. –Ф., 1964. -5-б.].

Элдик чыгармалар өзүлөрүнүн эволюциялык өсүп-өнүгүүсүндө улам реалдуу турмуш чындыгына тыгыз жакындашып, жомоктук, мифтик түшүнүктөргө карганда, тарыхый-турмуштук типтүү көрүнүштөрдүн сүрөттөлүшү менен өзгөчөлөнүп турат. Бирок мен муну менен мифтик түшүнүктөр такыр жок дегенден алысмын. Окумуштуу Б.Юнусалиев белгилегендей: "... баатырдык идея бара-бара элдин ички душмандарына каршы күрөшүү, бощтондукка жетүү идеялары менен терендей берген. Барган сайын коооздолуп, калыптанып келаткан мурунку каармандардын катарына жаңы образдар кошулуп, алар аркылуу кыргыз урууларынын күндөлүк турмушун, алдыңкы адамдарынын кулк-мүнөзү, ой-санаасын кеңирирээк сүрөттөлүп отурган" [Юнусалиев Б. "Манас" эпосу. Кириш сөз. 1-китеп. -Ф., 1978. -4-б.]. Чыгармаларда жалпы элдин образы көмүскөдө берилсе да, алардын көздөгөн максаты – элди эзген душмандарга каршы күрөшүү, аларды жеңип, ынтымакта биримдикте, бакубат турмушта жашоо.

Жыйынтыктап айтканда оптимисттик идеялар адамдын турмушунун түбөлүктүүлүгүн айгинелейт. "Жаңыл Мырза" эпосу улуттук кызыкчылыкты көздөгөн, элдик идеяларга бай, элибиздин рухий казынасын байыткан чыгарма.

**Үчүнчү глава: "Кыз Сайкал", "Жаңыл Мырза" эпосторундагы баатыр кыздардын образдарынын поэтикасы"** деп аталып, анын биринчи параграфы: **"Кыз Сайкалдын образынын көркөм поэтикалуулугу"** деп аталат. Фольклордо поэтика маселеси негизги темалардан болгондуктан "Кыз Сайкал" эпосуна баа берүүдө, анын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүүдө чыгарманын көркөм поэтикасын изилдөө өзгөчө мааниге ээ. Окумуштуу В.М.Жирмунскийдин пикиринде: "Поэтика есть наука, изучающая поэзию как искусство" [Жирмунский В.М. Теория литературы: Поэтика. Стилистика. –Л., 1977. -14-б.]. Биз бул параграфта "Кыз Сайкал" эпосунун поэтикасын тар мааниде, атап айтканда анын көркөм поэтикасын (троптун түрлөрү боюнча) илимий изилдөөгө алдык. "Кыз Сайкал" эпосунун көркөм троптору ар кыл боёкторго бай, бирок анын бардыгына кеңири илимий анализ жүргүзүү чоң илимий изилдөөнү талап кылат, ошондуктан бул келечектин иши.

"Кыз Сайкал" эпосунда бардык көркөм тропторго бирдей орун берилбейт, баатырдык мүнөздөрүнө жараша гипербола, көркөм эпитет, салыштыруу сыяктуу троптор маанилүү орунда турат. Кыз Сайкалдын

биографиясынын башталышы, анын төрөлүшү жөнүндөгү баян чыгармалардагы көркөм образ жаратуунун биринчи этабында көрүнөт, дүйнөгө келе турган наристени төмөнкүдөй сүрөттөйт:

Алтын боолу ак шумкар,

Айды карап талпынат [Урмамбетов О. Кыз Сайкал. -Б., 2003. -350-б.]. Жогорудагы эпизоддо дүйнөгө келе турган баланы "ак шумкардын" образына салыштыруу менен болочок баатырдын ким болоору ачык сүрөттөлүп жатат. Мындай мотив улуу «Манас» эпосунда да, дүйнөлүк эпостордо да кеңири тараган. Элдик чыгармаларда туруктуу кезиккен традициялык көркөм мүнөзгө ээ болгон ыр саптары арбын. Мындай туруктуу сүрөттөөлөрдүн көп кайталанышы типтүү поэтикалык ыкмалардан:

Арстандай жүрөктүү,

Жолборстой билектүү [Урмамбетов О. Кыз Сайкал. -Б., 2003. -351-б.]. Жогорку сапта кенедей кыздын эпикалык образы гиперболалык портретте "арстандай", "жолборстой" деген салыштыруулар менен сүрөттөлдү. Салыштыруу троптун эң алгачкы стадиясы болгондуктан, айтуучу жаңы төрөлгөн баланын сырткы келбетин сүрөттөп, эпикалык баяндоого өткөн. Мында да баатырдык салыштыруу бар. Наристенин жигиттей күчү бар дегени чындыкка туура келбейт. Ошентсе да мындай апыртып салыштыруулар эпикалык чыгармалардын сюжетинде көркөм ыкма катары колдонула берет. Сайкалдын бала кезинде эле жолборсту чабышы күчөтүлүп берилген. Жаш Сайкалдын баатырдык айбаты, сүрү адам эмес жырткыч жаныбарларды дагы багынтаары апыртылып кызыктуу баяндалган. "Кыз Сайкал" эпосунун сюжеттик өнүгүшү менен кошо анын көркөм формасы да татаалданат. Чыгармаларда эпикалык баатыр кыздардын көркөм образдары узун жолду басып, улам барган сайын алардын жан дүйнөсү көркөм образы кеңейип отурат. Баатыр кызга тиешелүү асыл сапаттар, эпикалык салттар баардыгы анын образына байланыштуу ачылат:

Атка олтурган келбети,
Уюткан кыттай олчоюп.
Узун мойну койкоюп,
Болумдуу бою болкоюп.
Ууздай эти ак болуп,
Төбөгө түйгөн чач болуп [Урмамбетов О. Кыз Сайкал. -Б., 2003. -405-б.].
Кыргый куштай кымылдап,

Кызы Сайкал жанында [Ошондо -358-б.]. Мында уюткан "кыттай", "ууздай", "кыргыйдай", "куштай" деген салыштыруулар белгилери жагынан жалпы окшоштукка ээ болгон предметти, түшүнүктү бири-бирине салыштыруу жолу менен айтылган ой көркөмдөлүп берилген.

"Кыз Сайкал" эпосунда баатыр кыздын күчүн, сулуулугун, баатырдыгын, сабырдуулугун, айтор бардык жакшы жактарын күчөтүп сүрөттөгөн саптар көп кездешет да "кайран", "берен", "баатыр" деген эпитеттер чыгармада көп кайталанат. Бул албетте баатырдык эпостордун бардыгына мүнөздүү, ошондой болсо да аталган чыгармада бул эпитеттер өзгөчө берилет:

Берен Сайкал бой бербей,

Кырып кетип баратат. [Урмамбетов О. Кыз Сайкал. -Б., 2003. -360-б.].

Мында баатыр Сайкал эч нерседен тайманбаган, шамдагай, учкан куштай зымырап душмандарына найза шилтеп, аларды кырып кетип бараткандыгы архаикалык эпосторго мүнөздүү көрүнүш.

Чыгармаларда жырткыч айбандардын аттары көркөм эпитет катары маанилүү роль ойнойт. Андан сырткары кыздын баатырдыгын түздөн – түз сүрөттөй турган “эр”, “шер”, “баатыр” деген эпитеттер да колдонулат. Негизинен мындай эпитеттер элдик чыгармаларда жигиттерге карата колдонулат. Мындай эпитеттердин эпосто колдонулушу Кыз Сайкалдын ашкан баатырдыгын айгинелейт. Ошону менен бирге чыгармада хан, падыша деген көркөм эпитеттер да колдонулат. Окумуштуу Р.З.Кыдырбаева: “В свою очередь эпитет “баатыр”! в позднοэпических формах в эпоху становления и развития феодальных взаимоотношений зачастую трансформируется в новый эпитет – “хан”. Таков примерно путь разновременного развития одного и того же по смыслу эпитета на протяжении целого ряда эпох” - деген [Кыдырбаева Р.З. Эпос “Манас”: Генезис. Поэтика. Сказительство. -Б., 1996. -106-б.]. Бул эптеттер бийликти көбүрөөк түшүндүрөт да, мындан чыныгы падышанын сапатын көрөбүз. “Хан” деген түшүнүк ар башка доордо ар кандай колдонулган. Мисалы, уруулук доорунда “хан” деп согуш башчыларын аташкан. Байыркы доордо уруу башчыларын дагы “хан” деп айтышкан. Чыгармада “хан” деген эпитетти уруу башчысы, эл башкаруучусу деген мааниде кароого болот. Бул сөздүн алгачкы мааниси жөнүндө Б.Я.Владимирцов мындай деген: “Часто особенно во время войны, больших облавных охот и. т. д. племенные советы выбирали вождей – предводителей, которые и в мирное время продолжали оставаться вождями, их обыкновенно называли ханами” [Владимирцов Б.Я. Монголо-ойротский героический эпос. -М., 1923. -106-б.]. Кыргыз эли да уруу башчыларын шайлашкан жана алар дагы жай турмушта болобу жоокерчилик турмушта болобу “хан” деген эпитетти колдонушкан. “Богатырями в том смысле, в котором мы это слово употребляем, были и кааны, но в древности слово “баатыр” также было титулом” [Суразаков С.С. Героический эпос алтайцев. – М., 1958. -30-б.].

Элдик оозеки чыгармаларда баатырлардын жаныбарлары, минген аттары дагы кошумча көркөм касиетке ээ болуп баатырдын эрдигин баса белгилеп турат. Бул боюнча окумуштуу В.М.Жирмунский: “Конь боевой товарищ и главный помощник богатыря, в соответсвии с реальными условиями воинской жизни играет в эпосе не менее важную роль, чем в сказке, богатырской или волшебной” [Жирмунский В.М. Сравнительное литературоведение. -Л., 1979. -208-б.]. Албетте, “Кыз Сайкал” эпосунда баатыр кыздын минген Кызылбуурул тулпардын күлүктүгү, чыдамдуулугу, Кыз Сайкалдын жандоочусу экендиги баяндалат. “Ат – жоокердик замандын бөлүнгүс атрибуту болгондон кийин ошол жоокердик замандын туундусу – нагыз төл чыгармасы баатырдык эпосто анын образы бекем орун алышы

күмөнсүз” [Суванбеков Ж. “Манас” эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы. –Ф., 1987. -138-б.]. Кызылбуурул дагы Кыз Сайкалдын эң жакын досу, кылдай кемчилиги жок, баатыр кыздын образын толуктап, жардамчы образ катары чыгармада өз орду бар. “Герой становится воином только тогда, когда приобретает своего боевого коня” [Суразаков С.С. Героический эпос алтайцев. -М., 1958. -30-б.]. “Ат адамдын канаты” дегендей кыргыз элинин элдик оозеки чыгармаларында тулпарсыз баатырды элестетүү мүмкүн эмес. Ошондуктан эпостордо жылкыга өзгөчө орун берилген.

Баатырлар ички жана сырткы душмандарына каршы найза, жаа жана кылыч менен каршы күрөшкө аттанышат. Бул согуштук куралдар айтуучулар тарабынан кеңири сүрөттөлүп көркөмдүк касиетке ээ жана аларга карата ар түрдүү поэтикалык көркөм эпитеттер ыйгарылат. Сыр найза, сыр жебе, болот найза сыяктуу көркөм каражаттар да кыздардын баатырдык сапатына өзүнчө көркөмдүк берип турат.

“Кыз Сайкал” эпосунда баатыр кызды кыраан куштарга салыштырган. Анткени элибиздин байыркы турмушунда аңчылык негизги орунда турган. Эл өзүнө жакын түшүнүктөрдүн бардыгын элдик оозеки чыгармаларында колдонгондугуна байланыштуу кыраан, шумкар, кыргый, куш деген эпитеттерди жолуктурабыз.

Кыргый куштай кымылдап,
Кызы Сайкал жанында [Урмамбетов О. Кыз Сайкал. -Б., 2003. -358-б.].

Ошондой эле чыгармада баатыр кыздын кийген кийиминде да көркөм эпитеттер кезигет. Маселен, күмүш кемер, күмүш чопкут деп берилет да чыгармаларга өзүнчө көркөмдүк берип турат:

Ак кандагай, сайма шым,
Багалеги саймалуу.
Белине кемер жарашып,
Бек олтуруп Буурулга,
Кыз Сайкал турат шаңданып [Урмамбетов О. Кыз Сайкал. -Б., 2003. -372-б.]. Мындай кийимдерди өзгөчө сүрөттөө кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгына мүнөздүү.

«Кыз Сайкал» эпосторунда матриархаттык – уруулук доордун белгилери орун алган, аларда кыздардын жаштыгын, коомдогу ордун, башкалардын аларга болгон мамилесин көркөмдөп берген поэтикалык эпитеттер бар. Мисалы, эжең Сайкал, «эжең» деген эпитет дайыма туруктуу ошондуктан салттык мүнөзгө ээ: кайран, эжең Кыз Сайкал - деп баяндалат. “Эжең” деген поэтикалык эпитет баатыр кыздын көркөм образдарында көп кезигет. Кыздардын эпикалык касиетин идеализациялоодо мындай эпитеттер орчундуу касиетке ээ. Анткени ушундай формадагы эпитеттер кыздардын бир нече эң негизги сапатын чогуу жалпылап көрсөтөт.

Жыйынтыгында, бул параграфта троптун ичинен кеңири колдонулган салыштыруу, эпитет, гипербола сыяктуу түрлөрүнө илимий анализ жүргүзүлдү. Мында көркөм каражаттардын чыгармалардагы колдонулушуна, алган ордуна көңүл бурулду жана троптун түрлөрүнүн мүнөздүү гана касиеттери анализден

өттү. Биз изилдеген көркөм каражаттар дагы келечекте андан-ары дагы изилдөөлөрдүн предмети болооруна ишенебиз.

**Илимий иштин үчүнчү главасынын экинчи параграфы: “Жаңыл Мырзанын образынын көркөм сүрөттөлүшү”** деп аталат. Көрүнүштүн кандайдыр бир негизги сырткы жана ички бөтөнчөлүгүнүн касиетин, сапатын көркөм аныктап, сөздөрдүн эмоционалдыгын күчөтүп, каармандын индивидуалдуу белгилерин конкреттештирүүдө эпитеттин орду чоң. А.Н.Веселовский көркөм эпитет жөнүндө: “Эпитет – одностороннее определение слова, либо подновляющее его нарицательное значение, либо усиливающее, подчеркивающее какое – либо характерное, выдающееся качество предмета” – деген [Веселовский А.Н. Историческая поэтика. -М., 1989. -74-б.]. Жаңыл Мырзанын ой-сезими, анын активдүү кыймыл-аракети, чыгармада кандай гана сюжеттик окуяларда болбосун көркөмдүк сапатын арттырып, эпосто колдонулган эпитеттер менен бирге кыргыз элинин тарыхый-турмуштук көрүнүштөрүнөн алынып, реалдуу чагылдырылган. “В плане исторического развития героического эпоса можно было бы рассмотреть эволюцию всех эпических образов, средств и приемов их создания и особенно поэтики” [Суразаков С.С. Героический эпос алтайцев. – М., 1958. -118-б.]. Мисалы, М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Жаңыл Мырза» эпосунда эпикалык баатырдын болуп көрбөгөндөй бат чоңоюшу элдик оозеки чыгармаларга мүнөздүү көрүнүш “кыраан”, “тынар” деген эпитеттердин колдонулушу Жаңыл Мырзанын алгыр куштай шамдагай, мээлегенин жаза кетирбеген мергенчи, анын баатырдык сапатынын өтө жогору экендигин ачык баяндап турат. Окумуштуу Э.Абдылдаев: “Эпикалык баатырларга мүнөздөмө берип, алардын көркөм образдарынын түзүлүшүндөгү поэтикалык каражаттардын (эпитет, салыштыруу, метофора ж.б) колдонулушу боюнча Орто Азия менен Казакстандагы түрк элдеринин эпикалык традицияларына өзгөчө бир жалпылыктын бар экенин белгилөөгө болот. Мисалы жырткыч айбандардын (көк жал, бөрү, шер , арстан, кабылан, жолборс, илбирс, сырттан ж. б. ) аттары менен кыраан куштардын (шумкар, туйгун, ылаачын, карчыга, бүркүт, ителги ж. б.) аттары эпикалык каармандардын көркөм образдарынын түзүлүшүндө поэтикалык каражат катарында традициялык түрдө туруктуу колдонулат” [Абдылдаев Э. “Манас” эпосунун эпикалык формулалары. -Б., 1997. -101-б.]. “Жаңыл Мырза” эпосунда дагы мындай эпикалык каражаттар жогоруда көрсөтүлгөндөй салттуу түрдө ар бир айтуучунун вариантында кеңири колдонулган.

Ошондой эле “эжем Жаңыл”, “кыз Жаңыл”, “кайран Жаңыл”, “эр Жаңыл” деген эпитеттер чыгармада Жаңылдын өзүнө гана таандык. Мында элдик каармандын эр жүрөк, кайраттуу, сабырдуу сапаты мейли жай турмушта болобу, мейли жоокерчилик кармаштарда болобу, бардык картиналарда көрүнүп турат да анын мүнөзүндөгү баатырдык белгилерди да кошо аныктайт. Эпитеттер каармандардын ички мүнөзүн билдиргендиктен окуялардын өөрчүшүнө шартына жараша өзгөчөлөнүп турат.

“Наряду со словом “баатыр”, общим для монголов и тюрков, сохранились и другие древние титулы воинов и бытовые наимования героев” [Суразаков С.С. Героический эпос алтайцев. – М., 1958. -30-б.]. Мисалы, «Жаңыл Мырза» эпосунда Жаңыл Мырзаны көздөй кайран, эр, алп, кыз, баатыр, айтылуу деген көркөм эпитеттер колдонулуп, аны элин коргогон баатырдыгы даңазаланат.

Чыгармаларда Жаңыл Мырза ак көңүл, арамдыгы жок кең пейил кылып сүрөттөлгөн. Кээ бир окуяларда анын ак көңүлдүүлүгүнүн, ишенчээктигинин айынан кыйын абалга да дуушар болот. Мисалы, А.Чоробаевдин айтуусунда Жаңыл ичине арам ойлобой шакегин Аккочкорго берип жиберет. Ал келип калмактарды кууп, мени алардан бошотсун деп суранат, мындай ишенчээктигинин негизинде колго түшөт:

Алдатып ийип эр Жаңыл,
Өзүн кунга төлөдү. [Чоробаев А. Жаңыл Мырза. –Б.,1998. -255-б.]

Бул драмалык баяндоо чыгармада абдан зор мааниге ээ. Анткени, поэманын сюжеттик өнүгүшүндөгү мындай сүрөттөөлөр элдин душманга карата жек көрүү сезимин курчутат. Демек, Жаңыл аруу тилеги менен Аккочкор, Калматайлардын колуна түшүп, көрбөгөн кордукту көрүп, аларга кор болду. Жаңыл Мырзанын ишенчээк, жөнөкөй болуп сүрөттөлүшү, анын реалисттик мүнөзүн көрсөтүп турат. Чыгармада оң каармандар элдин эркиндикке, теңдикке, Мекенине болгон сүйүүсүн алып жүрсө, терс каармандар аларга каршы чыгып өзүлөрүнүн жеке кызыкчылыгын гана ойлошот. Окумуштуу В. Я. Пропп мындай деген: “Элдик оозеки чыгармаларда негизги каармандарды эл жакшы көрөт же жаман көрөт, аларда орто сезим болбойт” [Пропп В. Я. Русский героческий эпос. -М., 1955. -107-б.]. Демек, эпостордогу чагылдырылгын оң жана терс образдар типтүү касиетке ээ. Эл көбүнчө терс каармандарды жамандап, начар арам, акмак, зөөкүр деген аттарды ыйгарышкан. Маселен, А.Чоробаевдин айтуусунда:

Аккочкордой арамды,
Айдап алып жөнөдү. [Чоробаев А. Жаңыл Мырза. -Б., 1998. -257-б.] Жогорудагы саптардын өзүнөн терс каармандар менен оң каармандар карама-каршы коюлган. Терс каармандарга берилген бузуку, каракчы, куу өңдүү эпитеттер да чыгармага кошумча көркөмдүк берип турат.

Жаңыл Мырзанын тулпары Кара долу тулпары куштай учкан абдан күчтүү болуп сүрөттөлүп, ээсинин күчүнө күч, рухуна рух кошуп сүрөттөлүп турат. Ошондой эле кыргыз жеринин жаратылышынын кооздугу төмөндөгүдөй көркөм боёктор менен чебер чагылдырылат. Ошондой эле чыгармада өңдү билдирген «ак», «кара», «куу» деген эпитеттер да колдонулат:

Ак көбүктөп кар болуп,
Анда-мында элестейт.

Кара кызмат күң бергин,
Отун алып, от жагар,
Он чактыдай кул бергин.

Кара башың каңгырап,

Калыптырсың талаада.
Куу сакал болгон карыдан,
Кары турмак жанынан,
Түңүлгөн экен баарынан.

Жогорудагы саптардан көрүнүп тургандай “ак”, “кара”, “куу” деген сөздүн ар бири өзүнчө көркөмдүк касиетке ээ. “Кара” деген эпитет бирөөндө жалгыз адамды түшүндүрсө, биринде кулду, бирде өңдү, биринде көп эл деген маани берди. «Куу» деген эпитет адамдын жашынын өтүп бара жаткандыгын түшүндүрдү. Чыгармалардын сюжетиндеги түстү билдирген көркөм эпитеттердин да чыгармаларда мааниси абдан чоң. Ошондой эле куралдарын сүрөттөөдө сыр жебе, сыр найза, албас кылыч, ай балта деген көркөм эпитеттер өтө курч деген маанини берип, эпостордо туруктуу эпитет катары колдонулат.

Эл жогоруда айтылгандай нур жүздүү, айдай, сулуу деген эпитеттерди алардын образына карата көркөмдөп айтышкан. Демек, алар баатыр кыздарга карай айтылган туруктуу көркөм эпитет болуп эсептелет. Аталган чыгармаларда баатыр кыздарга карата кандай гана мүнөздүү сүрөттөө болбосун, алардын артыкча сапаттары ачылып көрсөтүлөт. Мындай салыштыруулар чыгармадагы башка каармандарга мүнөздүү эмес.

Жыйынтыктап айтканда, “Жаңыл Мырза” эпосунун көркөмдүк мааниси сюжеттик окуялардын өсүшү менен башкы каармандан кылган эрдиктери, психологиялык өзгөрүүлөрү жана ой-дүйнөсү менен терең чечилген. Жаңыл Мырзанын көркөм образында кыргыз элинин баатыр, алдыңкы кыздарына таандык, мүнөздөр касиеттер, адамгерчилик, сабырдуулук, кайраттуулук сапаттар көркөм баяндалган.

Ишибиздин жыйынтыгында төмөнкүдөй **корутундуларга** токтолдук:

1. “Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” эпостору эпикалык сюжеттин үч архетиптик: биринчи, баатыр кыздардын балалык чагы, эрдиктери; экинчи, баатыр кыздар башынан өткөргөн турмуштук ар кандай кырдаалдар; үчүнчү, элине кайтып келиши жана кайып болуп кетиши сыяктуу эпикалык окуялар чыгарманын негизин түзөт.
2. “Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” эпостору тектеш элдердин баатыр кыздары жөнүндөгү чыгармалары менен менен тамырлаш.
3. “Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” эпостору элдик оозеки чыгармачылыктын эстетикалык салттарына, улуттук поэтикалык салттарга, тектеш элдердин оозеки поэзиясынын салттарына таянат.
4. О.Урмамбетовдун айтуусундагы “Кыз Сайкал” эпосунун өзөгү “Манас” эпосундагы “Манас менен Кыз Сайкалдын” окуясына такалат. Мындагы баатырдык үйлөнүү темасынын байыркы формасынын салттык сюжети Манас баатыр менен Кыз Сайкалдын акыреттик жар болуусу манасчы С.Каралаевдин жана М.Мусулманкуловдун версиясында сакталган.
5. Манасчы Жусуп Мамайдын айтуусундагы “Манас” эпосунун вариантында Кыз Сайкал Манас баатырга кас душман катары мамиле кылып, аттан аңтарып жыгат жана бул вариантта акыреттик жар болуу сюжети жок. Коом өзгөргөн

сайын үй бүлөлүк салттар да өзгөргөндүктөн, улам кийинки муундар байыркы муундун салтын унута баштагандыктан, традициялык сюжеттер улам кийинки доордогу үй бүлөлүк салтка жараша башкача баяндалган.

6. “Жаңыл Мырза” эпосуна кайрылган эл акындарынын варианттарынын сюжеттик өнүгүшүндө анча айырмасы жок. Алардын ичинен М.Мусулманкуловдун вариантында башкалардан айырмаланып байыркы форма, эпикалык салттуулук сакталган. “Жаңыл Мырза” эпосунун дээрлик бардык варианттарында Жаңыл Мырзанын эпикалык баатыр катары эрдигине басым жасалат.
7. А.Чоробаевдин “Жаңыл Мырза” эпосу башка варианттардан көлөмдүрөөк, жана анда “Боз жоргонун баяны” бөлүмү Жаңылдын кийинки жашоосун сүрөттөгөндүгү менен өзгөчө орунда турат.
8. “Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” эпостору дүйнөнү эстетикалык кабылдоонун үлгүсү катары, кыргыз элинин элдик оозеки чыгармаларынын ичинен кыздардын баатырдыгын сүрөттөгөн, поэтикалык көркөмдүккө ээ, мекенчилдик идеяны өзүнө сиңирген улуттук баалуу көрөңгө болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну автордун төмөнкү эмгектеринде чагылдырылган:**

1. **Абдырасулова, Ж.С.** Элдик чыгармаларда кыздар темасынын берилиши. [Текст] / Ж.С.Абдырасулова // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. - 2013. -№3. -6-12-б.
2. **Абдырасулова, Ж.С.** Тарыхый турмуштук кырдаал жана көркөм образ. [Текст] / Ж.С.Абдырасулова // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. -2013. -№3. -12-18-б.
3. **Абдырасулова, Ж.С.** Жаңыл Мырзанын образынын көркөм сүрөттөлүшү. [Текст] / Ж.С.Абдырасулова // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. - 2013. -№1. -42-47-б.
4. **Абдырасулова, Ж.С.** Кыз Сайкалдын образынын көркөм поэтикасы. [Текст] / Ж.С.Абдырасулова // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. -2013. -№1. -47-53-б.
5. **Абдырасулова, Ж.С.** Элдик дастандарда улуттук кызыкчылыктын берилиши. [Текст] / Ж.С.Абдырасулова // Тил, адабият жана искусство маселелери. -2013. -№1. -272-279-б.
6. **Абдырасулова, Ж.С.** Элдик дастандардагы баатыр кыздардын образындагы улуу идеялар. [Текст] / Ж.С.Абдырасулова // Тил, адабият жана искусство маселелери. -2013. -№1. -279-286-б.
7. **Абдырасулова, Ж.С.** “Кыз Сайкал” эпосунун генезиси жана тарыхый өнүгүшү. [Текст] / Ж.С. Абдырасулова //Эл агартуу - 2014. -№11;12. -49-53-б.

**Абдырасулова Жеңишгүл Садыковнанын “Баатыр кыздардын образдары элдик чыгармаларда” (“Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза” эпостору) деген темада 10.01.09. – фольклор адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иштин**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Түйүндүү сөздөр:** архаикалык образдуулук, варианттуулук, генезис, баатыр кыз, Кыз Сайкал, салттуу аткаруучулук, интерпретация, Жаңыл Мырза, кыргыз фольклору, элдик мотивдер, манасчылар, улуттук поэтика, образ, айтуучулук өнөр, стилдик өзгөчөлүк, сюжеттик канва, эпос.

**Изилдөөнүн материалы:** Баатыр Кыз Сайкал тууралуу кыргыз эпосторунун цикли (“Кыз Сайкал” эпосу О.Урмамбетовдун варианты; С.Каралаевдин версиясындагы “Кыз Сайкал жана Манастын окуясы”; С.Орозбаковдун версиясындагы “Манас менен Кыз Сайкалдын салгылашуусу”; Ж.Мамайдын версиясы боюнча Кыз Сайкалдын катышуусундагы эпизоддор) жана “Жаңыл Мырза” эпосундагы баатыр кыз тууралуу эпостордун цикли (Ы.Абдрахмановдун, Тоголок Молдонун, А.Чоробаевдин, М.Мусулманкуловдун варианттары) түзөт.

**Изилдөөнүн объектиси:** Баатыр кыздардын образдарынын социалдык-маданий мүнөзүн, идеясын жана поэтикалык сүрөттөлүшүн изилдөө.

**Изилдөөнүн максаты** – улуттук фольклордук-поэтикалык салтта баатыр кыздардын образдарынын калыптанышынын социалдык-маданий мүнөздөрүн аныктоо менен эпостук каармандарды сүрөттөө ыкмаларынын типологиясын табуу; эпостор дүйнөсүнүн тарыхый-маданий бир бүтүндүк катарындагы чындыкка жакын контексттерин аныктоо.

**Илимий иштин теориялык-методикалык негиздери.** Баатыр кыздардын образдарын анализге алууда заманбап фольклористиканын принциптерин жана категорияларын колдонуу менен салыштырма-тарыхый жана тарыхый-этнографиялык типологиянын салттарына таянат.

**Алынган жыйынтыктар жана илимий жаңычылдык.** “Кыз Сайкал” жана “Жаңыл Мырза” эпостору иликтөө алкагына кирип, бир топ толумдуу пикирлер айтылып, илимий нукка түшкөн, ошондой болсо да баатыр кыздардын образдарын ар тараптуу ачып берүүдө теориялык маселелердин изилдениш деңгээли өткөн мезгилдеги баалуулуктарды кайра баалоо позициясынан талдоого алынды.

**Колдонуу чөйрөсү жана практикалык мааниси:** кыргыз фольклористтерине, кыргыз таануучу-мугалимдерге, аспиранттарга, студент-филологдорго жана атайын курстарды окуу үчүн гуманитардык факультеттерге ошондой эле жалпы билим берүүчү мектептерге илимий –методикалык колдонмо катары сунушталат.

**РЕЗЮМЕ**
**диссертации Абдырасуловой Женишгуль Садыковны**
**“Образы дев-воительниц в устных народных произведениях**
**(эпосы “Кыз Сайкал” и “Жаныл Мырза”)”**
**на соискание ученой степени кандидата филологических наук**
*Специальность 10.01.09. – фольклористика*

**Ключевые слова:** архаическая образность, вариативность, генезис, дева-воительница, Кыз Сайкал, исполнительские традиции, интерпретация, Жаныл Мырза, кыргызский фольклор, народные мотивы, манасчи, национальная поэтика, образ, сказительское мастерство, стилевое своеобразие, сюжетная канва, эпос.

**Материал исследования:** цикл кыргызских эпических сказаний о деве-воительнице Сайкал ( эпос “Кыз Сайкал” О.Урманбетова; “История Сайкал и Манаса”, версия С.Каралаева; “Сражение Манаса и Кыз Сайкал”, версия С.Орозбакова; эпизоды с участием Кыз Сайкал по версии Ж.Мамая) и цикл одноименных эпических сказаний о героине “Жаныл Мырза” (варианты Ы.Абдрахманова, Тоголока Молдо, А.Чоробаева, М.Мусулманкулова).

**Объект исследования:** социокультурный характер, идея и поэтика изображения девы-воительницы как эпической героини.

**Цель исследования:** выявить социокультурные характеристики и нравственно-идеологические мотивировки формирования образов дев-воительниц в национальной фольклорно-поэтической традиции, типологию сказительских приемов в изображении эпических персонажей; определить контекст реалий эпического мира как историко-культурную целостность.

В основе **методологии исследования:** принципы и категории современной фольклористики на основе сравнительно-исторического и историко-этнографического анализа культурной типологии, в частности, создания устно-эпических памятников народно-героического характера.

**Полученные результаты и научная новизна.** В кыргызской фольклористике впервые представлено целостное исследование феномена образа девы-воительницы (на примерах Кыз Сайкал и Жаныл Мырза как главных героинь народно-эпического сознания) и проанализированы концептуальные мотивы национального сказительства в вариантах эпических сюжетов с точки зрения генезиса данной культурной роли, прослежены фольклорно-этнографические истоки явления, специфика народного мировосприятия.

**Сфера применения и практическая значимость:** исследование предоставляется актуальным в качестве научно-методического пособия для фольклористов, кыргызоведов – преподавателей, аспирантов, студентов-филологов, для чтения общих и специальных курсов на гуманитарных факультетах, а также в программах для общеобразовательной школы.

**Summary of**
**dissertation of Abdyrasulova Zhenishgul Sadykovna**
**“Imagery of maiden warrioress in oral folk works**
**(Epos “Kyz-Saikal” and “Zhanyl Myrza”)”**
**for a degree of philological sciences candidate.**
*Speciality 10.01.09.- folklore studies.*

**Key words:** Archaic visualization, variability, genesis, maiden warrioress. Kyz-Saikal, performance traditions, interpretation, Zhanyl Myrza, Kyrgyz folklore, folk motifs, manaschy, national poetics, image, narrator of folk tales, stylish originality, storyline, epos.

**Research material:** cycle of Kyrgyz epic stories about maiden warrioress Saikal (Epos “Kyz-Saikal“ O.Urmanbetov; “the story of Saikal and Manas” version by S.Karalaev; «The battle of Manas and Kyz Saikal» version by S.Orozbakov; episodes with the participation of Kyz Saikal by version of Zh.Mamai) and cycle of the same name epic story about heroine «Zhanyl Myrza“(version by Y.Abdrahmanov, Togolok Moldo, A.Chorobaev, M.Musulmankulov).

**Research object:** social and cultural character, idea and poetics, images of maiden warrioress as an epic heroine.

**Research objective:** to reveal the social and cultural characteristics, moral and ideological motivations for creation of image of maiden warrioress in national folklore and poetic tradition, typology of narrator of folk tales in depicting epic heroes; reveal an actual context of epic world as a historic-cultural value.

**Research methodology basis**: principles and categories of modern folklore on the basis of comparative-historical and history-ethnographical analysis of cultural typology, particularly, creation of orally-epic monuments of folk heroic character.

**Obtained results and scientific novelty:** In Kyrgyz folklore for the first time submitted the integral research of phenomenon of maiden warrioress image (on examples, Kyz Saikal and Zhanyl Myrza as main heroines of folk and epic consciousness) and were analyzed the conceptual motives of national narrative in versions of epic themes from the point of genesis of the cultural role, were detected folklore and ethnographic sources of phenomenon, specifics of folk world perception.

**Scope of application and practical significance:** This research is important as a scientific and methodological manual for folklore specialists, Kyrgyz studied specialists, teachers, post-graduates, philologists students, and for the general and special courses recital at the Arts Schools, as also for the general education school programs.